УДК 82-311.6:821.51
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-96-101

**АБАКИРОВ К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**АБАКИРОВ К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**ABAKIROV K.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0001-5574-3966

# ЖАЗУУЧУ А. КОЙЧИЕВДИН "БАКШЫ МЕНЕН ЧЫНГЫЗ ХАН" РОМАНЫ: АВТОРДУК КӨЗ КАРАШ

РОМАН А. КОЙЧИЕВА «ШАМАН И ЧЫНГЫЗ ХАН": АВТОРСКАЯ КОНЦЕПЦИЯ

A. KOYCHIEV'S NOVEL "SHAMAN AND CHYNGYZ KHAN": AUTHOR'S CONCEPT

**Кыскача мүнөздөмө:** Макала таланттуу жазуучу Аслан Койчиевдин "Бакшы менен Чынгызхан" романын талдоого арналган. Аталган роман Кыргызстандын адабий коомчулугу тарабынан жаңычыл чыгарма катары кабылданган. Романды талдай келип макаланын автору көңүл борборун атактуу колбашчы Чынгызхандын образына карата жазуучунун концепциясына топтойт. Аны менен катар романдын негизги каармандардын кулк-мүнөзүн ачып берүүгө баш ийдирилген сюжеттик-композициялык түзүлүшү менен көркөм-поэтикалык каражаттарын да караштырат.

**Аннотация:** Статья посвящена анализу нового романа народного писателя республики Аслана Койчиева "Бакшы менен Чынгыз хан" ("Шаман и Чингизхан"). Данный роман оценен литературной общественностью Кыргызстана как новаторское произведение. Анализируя роман, автор статьи концентрирует свое внимание на авторской концепции писателя относительно образа великого завоевателя Чингизхана. При этом рассматриваются сюжетно-композиционная структура и художественно-поэтические средства романа, которые доказывают мастерство писателя при раскрытии характеров основных героев.

**Abstract:** The article is devoted to the analysis of the new novel "Bakshy menen Chyngyz Khan" ("Shaman and Genghis Khan") by the People's Writer of the Republic Aslan Koychiev. This novel is appreciated by the literary community of Kyrgyzstan as an innovative work. Analyzing the novel, the author of the article concentrates his attention on the author's concept of the writer regarding the image of the great conqueror Genghis Khan. At the same time, the plot-compositional structure and artistic and poetic means of the novel are considered, which prove the writer's skill in revealing the characters of the main characters.

**Негизги сөздөр:** автордук дүйнөтааным; мистика; тарыхий маалыматтар; Батыгерей Избасаров; Чынгызхан; кулк-мүнөз; хандын урпактары; доор; адамдык сапаттар; жанр.

**Ключевые слова:** авторское мировоззрение; мистика; магия; исторические сведения; Бактыгерей Избасаров; Чингизхан; характер; потомки хана; эпоха; человеческие качества; жанр.

**Keywords:** author's worldview; mysticism; magic; historical information; Baktygerey Izbasarov; Genghis Khan; character; descendants of the khan; era; human qualitie; genre.

Кыргыз жазуучуларынын (изилдөөчүлөрүнүн да) "Чынгыз хан" темасына кайрылышында табигий зарылдык бар эле. Далай мезгилдер коңшулаш жана аралаш жашап, далай жакшылык-жамандыктарды бирге баштан кечирген, бирде касташып, бирде достошо келип, акырында, айла жоктон, кырылып калуу коркунучунан улам Чыңгыз ханга баш ийип берген кыргыздар өзүнүн кийинки тагдырында ошол кез менен кошо келген алаамат-кесепеттерди унутушкан эмес. Бүтүндөй элдер самандай сапырылып, кырылып, тентип, андан калгандары мурдагыдан таптакыр башка тирилик кылууга аргасыз кылган заманды, анын себепкери болгон инсандарды унутууга болбойт эле. Бирок мезгил өткөн сайын ал каар замандын деми сууп, мунарыктап, кай бир жактары унутулуп, же түркүн алымча-кошумчага дуушар болсо, башкалары "байыркынын жомогуна" айланып кеткени да чын. Эми, ал кезди эскерип, жайылтууга тыюу

салынган Совет заманы артта калгандан кийин ар ким өзүн даңгыр жолго чыккандай сезип, ал тарых кайра баштан аңтарылып, орундуу-орунсузу аралаш сансыз көз караштар (изилдөөлөр) ортого салынды. Жазуучулардын роман, повесттерин да ошол доорду, анын кайсы бир үзүл-кесил учурун жана айрым тарыхий инсандар тагдырын көркөм-эстетикалык формада иликтөө десек болот. Ал эми ошол тарыхий доор жана адамдар тагдыры кандай иликтенди, алардын тарыхий чындыгы жана көркөм ынанымдуулугу канчалык, көркөм-эмоционалдык, эстетикалык таасирдүүлүгү кандай деген маселе сынчыл окурмандын көңүл борборунда турары да айгине. Жазуучунун накта чеберчилиги да ушул жерден таасын көрүнөөрү бышык. Анткени чыгарма окулуп бүткөн соң катардагы окурманды да, адабият сынчысымын дегенди да кандайдыр бир ой-толгоолор чулгап, алардын аң-сезиминде кандайдыр бир из калтырып, кандайдыр бир бүтүмдөргө алып келгени абзел.

Мына ушундай көз караштан алганда чу дегенде эле адабиятка дасыккан жазуучу катары келип кирип, бүгүнкү күндөрү чыгармачылыгы Кыргыз эл жазуучусу наамына арзыган **Аслан Койчиевдин "Бакшы менен Чынгыз хан (Бактыгерей Избасаровдун жоголгон дептерлери)"** романы [1] кыргыз прозасындагы жаңычыл чыгарма дешке толук негиз бар. Ушул өңүттөгү көркөм туундулардын бирине да окшобогон бул чыгарма кадиксиз мыкты жазылган. Бул чындык. Анын өзгөчөлүктөрү, козголгон жана чечмеленген маселелердин көрүнө жана көмүскө жактары, автордун чеберчилиги **Абдыганы Эркебаев** [2], **Жамгырбек Бөкөшов** [3], **Майрамбек Токторов** [4], **Болотбек Таштаналиев** [5], **Амирбек Азам уулу, Гүлнар Эмил** [6] сындуу сынчы-адабиятчылардын макалаларында, сөздөрүндө кыйла кенен жана терең талданып, омоктуу ойлор айтылса да, сөз аягына чыкпай, дагы далай талаш-тартыштар болот өңдөнөт. Себеп жөнөкөй эле – канча мезгил өткөнүнө карабай мыкты чыгармалар кайра-кайра сөзгө алына берет. Ошондуктан, алардагы орундуу жана талаштуу ой-пикирлерге токтолуп отурбай, биздин козгойлу деген маселебиздин багыты башка экендигин белгилей кетели. **Кыскасы, ырасында эле күтүүсүз стилдик жана структуралык формада жазылган бул романда талаша турган, авторго каяша айтууну талап кылган, же автор "мен айттым, меники туура" дегенине баш ийбей баяндалган окуялар менен персонаждардын "өзүлөрү" жана бүтүндөй чыгарманын мазмуну каршылаш пикир жараткан учурлар бир топ.** Көркөм чыгармачылыкта бул да боло келген табыгый көрүнүш. Романда сүрөттөлгөн илгери-кийинки адамдар, коом турмушунун алкак-чөйрөсү кенен жана ага ылайык кепке алына турган адабий-эстетикалык проблемалар да жетишерлик. Алардын баарына болбосо да көбүнө адистер, окурмандар акырындап сереп салышат деген ишенич менен биз азырынча романдагы автордук концепцияга байланыштуу айрым жагдайларга назар сала кетели.

Белсемдүү адабиятчы **Болотбек Таштаналиев** мистика менен реализмдин жуурулушунан жаралган чыгарма катары адилет белгилеген **"Бакшы менен Чынгыз хан"** романында [4] монгол империясы ыдырай баштаган нукура тарыхий заман менен алиге күбөлөрү, куруучулары аман-эсен совет доорун ичине алган **эки мезгилдик-мейкиндик катмар** бири-биринен айырмалуу белгилери менен чебер сүрөттөлөт. Кечээ эле аласалып кеткен Совет доорундагы тоталитардык системанын бир жактуураак, кээде кээкер, какшык аралаш сыпатталышын эске албаганда, Чынгыз хан доорунун рух-деми, ошол рух-демди жараткан хандар, бектер менен карапайым адамдардын тирлиги, үмүт-тилеги, жашоо, мансап, байлык үчүн ынсаптуу жана ыймансыз күрөшү, бүтпөгөн көйгөйлөрү, казак, кыргыз, өзбек, каракалпак элдерине караганда алда канча ар тараптуу жана кенен сыпатталган монголдордун жашоо образы, салт-санаасы, үрп-адаттары майда-барат ырым-жырымдарына дейре элестүү, жугумдуу баян этилет. Нарратив жана сюжет коюлган максатка жараша ийкемдүү келип, бирде көп бутактуу, бирде тарамдалып, логика бузулбай бири-бирин улап, биринде айтылбай калганын экинчиси толуктап жүрүп отурат. Бул жагынан авторду мактоо гана керек. Чыгарманы кызыгып окула тургандай сюжеттик-композициялык курулушка эгедер кылуунун өзү чоң чеберчиликти талап кылат. Мындан тышкары чыгарманын тилдик байлыгы да кайдыгер калтырбайт. Көрүнүш-кубулушту, кыймыл-аракетти, портретти, ар түркүн кырдаалды табыгый мүнөз-ыргагынан ажыратпай, реалдуу жана образдуу бере билүүнүн өзү, диалог-монологдордун турмуштук мүнөзү да жазуучу чеберчиликтин кыйла бийик баскычына жеткендигине күбө болот. Жазуучу кенедей деталдарга чейин

тыкан мамиле жасайт. Кайталанма баяндар (айрым сөздөр, сөз айкаштары, алардын синонимдери) көбүнчө орундуу колдонулуп, каармандардын жүрүм-турум, кыял-жоругундагы кунт кое турган учурларды, кырдаал-шарттын эрекчелигин таасын ачып берсе, айрым жерлерде ашыкча кайталана берип, тажатма стилге айлануу коркунучун эске албаганда, А.Койчиевдин жазуу манерасы калыптанып калганы, сөз менен иштөө чеберчилиги жеткилең экендиги шексиз.

Романдын бүткүл "тулку-боюн" жан-жаныбардын кыр аркасындай кармап, автордун көркөм-эстетикалык жана "тарыхий" концепциясын ачыктай турган **Бактыгерей Избасаров** менен **Чыңгыз хандын** (арбагынын) образдары тең чамал болбосо да, дурус иштелген дей туруп, автордун бир катар жаза басуулары же талаштуу көз караштары тууралуу өзүнчө, узагыраак сөз кылууга туура келет. Себеби көп катмарлуу көркөм-тарыхий материал ушуну талап этип турат. Романдын өзүнө да ушул эки каармандын ысмы бекеринен берилген эмес. Үшкүрүктөрү таш жарып, муңканып-өкүнгөндөн, кейип-кепчигенден башка сапаттары анчейин көрүнө бербеген бул кейипкерлер жогортодо айтылгандай, окурмандын көкүрөгүнөн орун таап, аны өздөрүнө тартып, Ч.Айтматовдун Баласы менен Эдигейиндей, Т.Касымбековдун Нүзүбү менен Сарыбайындай өзүнө санаалаш, пикирлеш кылып, түйшөлтө алдыбы-жокпу, кеп ушунда. **Көркөм образдын нукура табияты ачык декларация кылынбай, баскан-турганы, иши-сөзү, ой-санаасы менен далилденген сапаттары аркылуу бааланып-өлчөнөт, ушул сапаттар ага "чыгармадан чыгып", кадимки рухий-маданий жашоо-тирликке аралашып кетүүгө жолдомо берет. Аталган сапаттар, ал каарман оң болобу-терс болобу, ага обьективдүү түрдө сиңирилбесе, канчалык макталса да, жектелсе да тиешелүү натыйжа бербейт**. Ушундай өңүттөн алганда өзүнүн да, ата-тегинин да турмуштан жолу болбогон Бактыгерей Избасаров (атактуу адамдын урпагы катары анын изин улаган, бак дарыган адам болуш керек эле деген маани жатат каармандын аты-жөнүндө) Ташкентке качып келип, туруп калган казакмын дегени менен дилинде Чыңгыз хандын урпагы болгондуктан өзүн кай жерде болбосун "төрөлүк" кылчу төбөлдөрдүн катарына кошот. Анын ким экендигин жана өзүнүн (монголдордун) "даңазалуу тарыхын" ага алагүү болуп турганда жолуккан Чыңгыз хандын арбагы айтып берип, аны Избасар бир нече көк дептерге түшүрүп, анан кара басып, аларды качан, кантип жоготконун билбей эңги-деңги болот. Ал дептерлердин чала-чарпыт бөлүгү МККнын колуна түшүп, ага жашыруун (секретный) бөлүмдө 1227 деген номер коюлат. Бул жөн номер эмес. 1227 – Чыңгыз хандын өлгөн жылы. Ошентип, ызы-чуу башталат да, окуя дептерлердин жоголгон барактарын табууга байланыштуу түркүн кызматкерлердин (партиялык функционерлер, Мамлекеттик коопсуздук комитетинин кызматкерлери ж.б.) жаналакетке түшүүсүн баяндоо менен өрүш алат. Ал ортодо Чыңгыз хандын арбагы түркүн социалдык топтогу өз урпактарын көрөт, бир даары менен "жолугуп", алардын тагдырына байкоо салып, пенделик жүздөрүнө күбө болот да, бирок өзү сындуу, татыктуу бир жанды таппай, үмүтү акталбай кейишке батат, сыздайт, муң-зарын, арманын айтат.

Кыскасы, тагдыр буйруп жана Чыңгыз хандын арбагынын жактыруу сезими менен бул "одиссеянын" баштоочусу жана баштан аяк алып жүрүүчүсү болуп калган Избасардын маңдайына бак бүтүшү керек эле. Бирок андай болбоду. Ага ким күнөөлүү деген соболго ачык жооп айтылбаганы менен автордун көз карашында советтик тоталитардык система айыпка жыгылып, билбеген адам ал өлкөдө дегеле бактылуу адамдар сейрек болсо керек деген бүтүмгө келери анык**. Сайчы уул** сындуу карапайым турмуш кечирген бирин-серин адамдарды эске албаганда көбү кошоматчы жана коркок, мансапкор жана кайдыгер болушса да, колунан иш келбеген, кандайдыр жакшы иш жасаганга дарамети жетпеген, дегеле эч кимге пайда-батасы жок, Чыңгыз хандын урпагы болгон үчүн гана Бактыгерей урмат-сыйга татыктуу деген кыйытма ойго кошулуу кыйын. Бул жагынан алганда аны илгери-кийин боло келген (азыр да толтура) тентимиш адамдардын, "жамандан жаан, **жакшыдан мөөн"** туулгандардын кийинкисинин типтүү өкүлү десек жарашат. Ал бакшы деле эмес, бакшылыктын анда илеби да жок. Автор менен Чыңгыз хандын арбагы эмне үчүн аны күчкө салып, бакшылыкты мойнуна жүктөп койгону да өзүнчө суроо. Ошентип, согушта туткунга түшүп, душманга ак кызмат өтөп келгени үчүн мыйзамдуу түрдө он жыл түрмөдө отуруп келген, Чыңгыз хандын урпагы болгон үчүн эмес, өзүнүн жаза басууларынын натыйжасында коколой башы калып, ичип кеткен Бактыгерей идеалдуу каарман эмес.

Аны улуу адамдын урпагы катары "жакшы көрсөтүү", аяп-ардактоо аракети күчтүү болсо да, Избасар окурмандын жактыруу сезими чакырууга жарамсыз болуп чыгып, **Чыңгыз хандын арбагын көркөм-тарыхий "аренага" алып чыгуу үчүн гана керектүү персонаж абалында калат**. Ушул эле ойду эгер образ катары караш керек болсо, Чыңгыз хандын арбагы тууралуу айтууга болот. Анда пенделик да, бийик даражага көтөргөн хандык парасат да байкалбайт. Бактыгерей сындуу ал да кейип-кепчип, сай сөөгү сыздап, өзү салган "улуу жолду" сактап, уланта албаган урпактарын, ага шарт түзбөгөн заманды **каргап-шилеп** жүргөн бир көрпенде абалында көз алдыбызга тартылат. **Ал эмне деген улуу иштер жасады, кылган иштеринин баары чын эле таза, адилет жана жалпы адамзат үчүн пайдалуу, керектүү беле деген суроолорго окурман романдан оң да, терс да жооп таба албайт.** Ал үчүн окурман Чыңгызхандын жана ошол доордун тарыхын, алардын түркүн түшүндүрмөлөрү камтылган толгон илимий, көркөм адабияттарды окуп чыгып, ал билим-маалыматын романда сүрөттөлгөн окуяларга салыштырып, бир жыйынтыкка келүүсү зарыл. Антпесе, ал көп нерсени түшүнбөй калат. Бул жерде автор "Чыңгыз хан тарыхын бүт дүйнө билет, аны билбеген кыргыз деле жок болуш керек" деген ойго жетеленип, маселенин ушул жагын унутта калтырган өңдөнөт. Болбосо, элдин көбү атын укканы менен Чыңгыз хан тарыхын ийне-жибине чейин билбей турганы маалым эле иш да. Билгендеринин көбү аны жөө жомокко айлантып алышканы да белгилүү.

Чыгарманы окуган адамдын алдында ошентип адегенде эле "Чыңгыз хан ким" деген үнсүз суроо коюлат да, ал аны өз алдынча аңдап-билүү аракетин көрөт. Себеби анын бүтүндөй өмүр таржымалы болбосо да, жасаган оңду-солду жана **"өзгөчө баалуу", "негизги" иштери** тууралуу азыноолак маалыматтардын кайсы бир формадагы жана көлөмдөгү көркөм баяны романда болуш керек эле. Иш жүзүндө чыгармада улуу иштерди жасап, адамзатты (анын ичинде өзгөчө өз тукумдарын) туура жолго салганы анын арбагынын өзү тарабынан ачык да, кыйытылып да айтыла берет. Бирок кайсы жана кандай улуу "жол" экени бүдөмүк. Арбак: "**Мен көрсөткөн жолдо бардык суроонун жообу камтылган болучу"** деп атпайбы. [1, 291-б.] Ага чейин: "**Менин жолумду чанышты. Силер чандыңар**" – деп Николай Аблеухов болуп калган (нак ысмы Абылай-Укуп) өз урпагына айып койгон болчу. **Автордун драматизмге сугарылган далай окуяларды элестүү, жугумдуу жана таасирдүү баян эткенден кийинки айтайын деген оюнун ток этер жери, өзөктүү каарманга карай көз карашы да ушундай.** Биздин баамыбызда ал: "Чыңгыз хан баарын туура кылган, анын өзү да, ал орноткон коомдук түзүлүш да идеалдуу, мыкты болчу" дегендей өзү бекем ишенген ушул көз карашты романдын негизги лейтмотиви кылып алат. Концепция ушундай: "Адамзат Чыңгыз хан чапкан жол менен кетсе, дүйнө бузулмак эмес, баары сонун, баары шайма-шай болмок". Бирок иш жүзүндө Чыңгыз хандын арбагы жалпы адамзаттын эмес, бүт дүйнөнү өзү сымал мыкчый кармап тура албаган, көр тирликтен баштары чыкпай тил безер, дин безер, дил безер, саткын, кошоматчы, дүйнөкор, өзүмчүл, мерез, мансапкор болгон, ынтымагы таптаза ыдыраган, кедери кетип, майдаланган, орус, казак, өзбек (ж.б.) болуп кетишкен, атактуу жана эч ким, эч нерсе алмаштыргыс ата-тегин (демек, аны – Чыңгыз ханды) унуткан өз урпактарына гана тынчы кетип, үшкүрүнүп отурат. Аны адамзаттын, "төрө" аталган монголдор тобунан башка элдердин тагдыры, "курсагы ашка тойбогон" жана төрө эмес ошол эле караламан монгол калкынын абалы кызыктырбайт. Ал болгону: "**...**эгерим тынчтык көрө элек дүрбөлөңдүү дүйнөнү дүрбөлөңдөн түбөлүккө арылтып, **адам баласын акыр заман күнүнө дейре тынчылыкка бөлөп койдум деп жүрсөм,** атаңгөрү-ү, **ошон үчүн төгөрөктү төп ченеп, төрт уулума тең бөлгөмүн да баш-аягы жок башаламан дүйнөнү баштуу ордого бириктиргем деп жүрсөм**..." [1, 305-б.], – деген көз кайкыгандай бийик, бирок өзүнө жана өз тукумдарына гана (төрт уулуна) артыкчылык берген, ашкере өзүмчүл жашоо программасына чексиз ишенип алып, анысы не себептен кыйраганына көзү жетпей кыйналат. Кыйроонун тамыры өзү орноткон социалдык теңсиздикте жатканы, бирөөлөрү түбөлүк жыргап, экинчилери түбөлүк куурай турган, бирөөлөрүндө баары бар, экинчилеринде эчтеке жок заманда эч качан тынчтык болбой турганы, ушундай шартта адамдардын баарынын пейилдери апакай болуп кетпеси анын оюна да келбейт. Ал аңгыча, чыгарманын көп жеринде ошондой деградациялык процесске, өз урпактарында өрүш алып кеткен терс, көңүл айнытарлык жорук-жосундарга, сапат-көрүнүштөргө Чыңгыз хан өзү негиз салганы айкын болуп

калат. Ал көзү тирүүсүндө эле өз балдарынын бирин өөдө, бирин төмөн коюп, байбиче-токолдон же никесиз туулгандарынын коомдогу ордун ошого жараша аныктап койгону, бийлик үчүн бир туугандарын, досторун өлүмгө кыйганы, жакындарын, атүгүл өзүнүн бийликке келишине эбегейсиз салым кошкондорду да ырайымсыз жазалаганы, өзгөчө таш боордугу романда текши айтылбайт да, айрым учурлары гана окуянын логикасына жараша **аргасыз** эскерилет. "Аргасыз" эскерилет дегенибиздин да жүйөсү бар, антпесе болбойт. Автор анын алгылыксыз, ырайымсыз иштерин сыдырып айткысы келбейт, бирок **кээ бир учурларды сыпаа эске алууга мажбур болот**. Антпесе ишенимсиз болуп калат да, бул тарыхий баяндын "кабыргасы сөгүлүп" түшөт. Өз урпактарынын бири, образы айрыкча таасирдүү чыккан **Сайчы уул** Чыңгыз хандын арбагына: "Үч уулуна (уулуңузга болсо керек – К.А.) бөтөнчө арнап өргөө тиктирип, бөлүп журтка улук көтөрдүңүз да токолдон туулган бөлөк уулдарынын укум-тукумун "жай Жоочу, жаман Жоочу" атыктырдыңыз". Бөөдөсүндүңүз, ата! **Аликүнчө арылбаган бактысыздыкты башыбызга үйдүңүз"** [1, 309-б.], – деп бетке чапкандай оор айып-сөздөрүн айтканда да, "аның ырас" дей салып, кайра: "Жок, жок. Андай эмес карагым. Аларбы? Алар саткын чыкты! Керээтимен жаңылыпмын! Керээтимен жаңылыпмын, кагылайын", – деп кутулат. [1, 310-б.] Хандын арбагы ошентип Сайчы уул чекеге чапкандай ачык койгон айыпты (урпактары "аликүнчө арылбаган бактысыздыктын" чоо-жайы да айтылбайт – К.А.) моюндаганга, урпактарынын моралдык-нравалык деградациясынын себептерин өзүнө оодарууга эрки жетпейт. Башканы кой **"өз балдарын ала-була көргөн**", Чыңгыз хан өзүн сындоодон тышкары, бийик коет. Мунун өзү анын образына жагымдуу боекторду сүртө койбойт. Анын өзгөчө пропаганда кылынган айкөлдүгү, чынчылдыгы, калыстыгы, көрөгөчтүгү, колбашчылык таланттуулугу жер менен жексен кылынган миңдеген айыл, шаарлардын, кыргын кылынган эсепсиз, бейкүнөө элдердин, адамдардын кунунан артык беле деген суроо коюлбаган бул романда темирдей тартип орнотуп, өз урпактарын бардыгынан бийик, кол тийбес даражага жеткирген ошол **каар заманды сагынуу, ага болгон ностальгия алдыңкы планда турат**. Роман так ушул максат-нээт менен жазылган сыяктанат, бирок таланттуулук менен жазылганы да чын. Даңазалуу колбашчы, дүйнөдөгү эбегейсиз империянын түзүүчүсү, эсепсиз майда жана чоң хандыктарды, элдерди тыптыйпыл кылган Чыңгыз хан кантип адамзаттын бардык көйгөйүн чечкен, идеалдуу коомго негиз салып койгон? Романда ушундай кыйытма ой бар, бирок **анын жообу жок болуп**, **автор бул чатак суроону айланып өтүүгө катуу аракет кылат.** Бүткүл адамзатты "туптуура жолго салдым" деген ишеничи кыйрап, түбөлүктүү деген ой-мүдөөлөрү бузулуп, болгондо да өз урпактары тарабынан чакчелекей кылынып, алар бирин бири кырып отурса, ата-тегинин "улуу" иштерин унутуп, манкурт болуп турса, Чыңгыз хан арман кылбаганда ким кылмак эле?! Бирок анын арман-муңу окурманга жете бербейт, анткени анын сөздүн нака оң маанисиндеги улуу адам экени чыгармада далилденбейт да, натыйжада ал арман тар чөйрөнүн, өз кызыкчылыгын гана ойлогон топтун, айрыкча өзүмчүл адамдардын (Чыңгыз хан менен кейиштүү өз тагдырына коомдук системаны айыптаган Избасардын) арманы катары кабылданат. **Албетте, аны жалпылай салып ар ким өзүнө, жалпы элге, бүкүлү адамзатка карата айтылып, манкурттукту айыптап жатат деп актап, колдонууга болот, бирок анын романдагы директүү мотивациясы жана көркөм негиздемеси бошоң же дээрлик жок**. **Чыңгыз хандын улуулугу, улуу иштери тууралуу идея ошентип курулай сөз, ичтейи бош декларация боюнча калат**. Ал эми арман, айтылгандай, эч кимге пайда-батасы жок, улуу инсандын урпагы болгон үчүн гана төрө болууга укуктуу Бактыгерейдин жана аларды калкалап, элди (окурманды) ушуга ишендирүүгө жан үрөгөн **автордун да арманы** болуп чыгат. Натыйжада **бул үчөөнүн муң-арманы** окурман бөлүшкүдөй, тилектеш болгудай даражага жетпей, аны ынандыра албай турат. Мына ушул жагдайды, романдын башкы пафосу катары ынанымдуу жана терең реализацияланбай калган өзөктүү идеяны (автордун өздүк концепциясын) эске албаганда роман мыкты жазылган дегеним да ушундан. Анда колориттүү образдардын бүтүндөй бир галереясы, доордун илеби согуп турган элестүү картиналар, ойго салчу, сезим-туюмду козгоп, түйшөлтө турган картиналар, таасирдүү образдар бар. Масштабдуу ой калчай билген калемгер, жашоо-тирликтин, тарыхтын (өтмүш доордун) оомал-төкмөл жактарын, адамдар тагдырындагы чиеленген зарылдык менен кокустуктарды өзү көрүп

тургандай, айрыкча монголдордун турмуш-тирлигин өзү күбө болгондой, өзү аралашып жүргөндөй элестип, аларды ошондой эле жугумдуу-образдуу бере алат, анын баарын кан-жанынан чыгара билет. А. Койчиев ошондой, дээринен, табиятынан нукура сүрөткер экендиги анык. **Таза мистикалык, эзотерикалык сюжетке негизделип,** кайсы бир деңгээлде М. Булгаковдун " Мастер менен Маргарита" романын эске салган (Маселен, Воланддын келиши, ж.б.) "Бакшы менен Чынгыз хан" бизди буга толук ынандырат. **Бирок каалайбызбы-жокпу, кабыл алабызбы-жокпу, романдын өзөктүү идеясын Чынгыз хандын заманына жана анын өзүнө, ал орноткон коомдук жана граждандык мамилелер дооруна болгон сагыныч-ностальгия түзөт**. Мындай концепция боюнча Чынгыз хандан кийинки доорлор, адамдар коому бузулган, нарк-насилин жоготкон учур болуп эсептелет. Бул айрыкча советтик мезгилге тиешелүү. Автор муну кадам сайын далилдөө аракетин көрөт, окурманды ушуга ишендирүү ниетинен бир саам тайбай, натыйжада эзелки жана кечээкки турмуштун жалаң көлөкө жактарын сүрөттөгө берилип кеткенин өзү да байкабай калат. Жарыгы дээрлик жок турмуш аны жетелеп кеткендей көрүнөт.

Ошентип, Чынгыз хандын доорунда эле башталган коомдук жана инсандык "регресстин" башаттарын таланттуу жазуучу А.Койчиев ушундайча трактовка кылат. **Бирок мунун өзү бул тема иштелип бүттү, аягына чыгарылды, тигил же бул жазуучунун концепциясы туптуура же такыр туура эмес дегендикке жатпайт.** Эгер коомго зыяндуу идеяны тутунбаса**,** чыгармачылык өзгөчө позициясы үчүн авторду мактоо же жектөө орунсуз иш. Ар кимдин өз чындыгы бар дегендей, балким, Чынгыз хандын жана анын өзүнө окшош турпаттагы мураскерлеринин мүдөөлөрүнүн ишке ашпай, тилектеринин таш кабышын, кыскасы, даңазалуу императордук династия түптөгөн коомдун кыйроо себептерин бир топ калемгерлерде алардын атагы таш жарып, дүйнөнүн жарымын чеңгелдеп турган кезинен, ошондо эле туура эмес жасалган иштерден издеп көрүү зарылдыгы келип чыккандыгынан да көрсөк болот. Кезегинде кыргыз прозасында мындай аракеттер да боло келген.

**Колдонулган адабияттар**

1. Койчиев А. Бакшы менен Чынгыз хан (Жолдош Бактыгерей Избасаровдун жоголгон дептерелери): Роман. – Бишкек:"Турар", 2016, 484-б.
2. Эркебаев А. Муундар жоголбойт, адабият өлбөйт // Кыргыз Туусу, 2019, 26-март.
3. Бөкөшов Ж. Чиеленген тарых, чийилген тагдыр. – Китепте: Бакшы менен Чынгыз хан (Жолдош Бактыгерей Избасаровдун жоголгон дептерлери): Роман. – Бишкек: "Турар", 2016, 3-12-б.
4. Токторов М. Маңкуртчулукту дагы бир жолу эске салган роман же жетесин унуткан урпактардын азабы жана муңу // Кутбилим, 2017, 14-апрель.
5. Таштаналиев Б. "Бакшы менен Чынгыз хан": мистика менен реализмдин жуурулушунан жаралган // Кыргыз Туусу, 2024, 15-март.
6. Амирбек Азам уулунун, Алмаз Кулматовдун "Азаттык" радиосундагы маектери, Гүлнар Эмилдин "Рухэш" сайтындагы макаласы (24.01.2020).

**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Чыманов Ж.**